**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ**
**ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**жана И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК**
**УНИВЕРСИТЕТИ**

Д.13.16.527 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Кол жазма укугунда
**УДК 82 (575. 2) (043. 3)**

**УСАРОВА ГУЛБАХОР УРИНБОЕВНА**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ПРОЗА ЖАНРЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ОКУТУУДА КРЕДИТТИК ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ (70-ЖЫЛДАГЫ ПОВЕСТТЕР)

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы

**Бишкек – 2016**

**Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин кыргыз филология кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, доцент
**Үкүева Бүшарипа Кожояровна**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору
**Мусаева Венера Инятовна**

педагогика илимдеринин кандидаты
**Турпанова Жылдыз Асыранбековна**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология, кыргыз жана чет элдер адабияты кафедралары.
Дареги: 715600, Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 57.

Диссертациялык иш 2016-жылдын 17-июнунда саат 15.30да Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.13.16.527 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.
Дареги: 720023, Бишкек шаары, 10-кичи район, Камская көчөсү, 10 а

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720023, Бишкек шаары, Киев көчөсү

Автореферат 2016-жылдын 13-майында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, педагогика
илимдеринин кандидаты, доцент Омурбаева Д.К.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Акыркы мезгилдеги социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр менен катар билим берүү системасында жалпы адамзаттык баалуулуктарга умтулуу агымы жүрүүдө. Өлкөбүздө демократиялык бийлик орноо менен, биринчиден, өз эне тилибизге, адабиятыбызга, маданиятыбызга, каада-салтыбызга, элибиздин байыркы тарыхына кызыгуу күчөдү. Мындай шартта келечектеги компетенттүү адистерди тарбиялоодо ЖОЖдордогу кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу негизги ролду ойнойт. Бул маселени жүзөгө ашырууда окутуунун методдору, максаты, мазмуну ж.б. проблемалар күн тартибинде тургандыгын белгилебей кетүүгө болбойт. Аталган маселелерди окумуштуулар В. Г. Беленький, В.А. Никольский, З.Я. Рез, Т.Т. Неорадзе, Л.А. Шейман ж.б. өз эмгектеринде карашкан. 1980-1990-жылдардын окумуштуула-рынан: Ш.А.Микаилов, (Баку), Г.Н.Ионин (Москва), Л.В.Лузина (Санкт-Петербург), К.И. Иманалиев, Б.Алымов, Н.И.Ишекеев (Бишкек), Т.Жумажанова, Б.Сманов (Алматы) ж.б. эмгектерин кошууга болот.

Кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармаларды окутуу илими боюнча салым кошкон окумуштуулар: Б. Алымов, С. Байгазиев, Б. Байсабаев, С. Батаканова, Н.Жапаралиева, М. Ибраева, К.И. Иманалиев, И.Ч. Исамидинов, Н.И. Ишекеев, К. Кенжешов, Ү. Култаева, К. Мамбеталиев, С. Мойдунова, Т. Молдогазиев, С. Момуналиев, А. Муратов, Т. Мусамбетов, Б. Оторбаев, С. Рысбаев, К. Сабаева, Д. Саалиева, С. Сакиева, М. Тешебаев, А. Турдугулов, З.Усубалиев, Ж. Уразова, Б. Үкүева, О. Шаимкуловдун эмгектеринде жазуучулардын чыгармаларын окутуунун тигил же бул маселелери изилденген. Ал эми окутуунун жаңы технологиялары боюнча изилдеген окумуштуулардын катарына Н.Ахмедова, Ж.Чыманов ж.б. кирет. Бирок, тилекке каршы, ЖОЖдордо повесть жанрын кредиттик технологиялардын негизинде окутуунун илимий-педагогикалык негиздери иштелип, белгилүү бир системага салына элек. Ошого байланыштуу **илимий изилдөөбүздүн актуалдуулугу** катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө туура келет:

- ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде билим берүүдө андагы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасоону өркүндөтүүнүн керектиги;
- көп улуттуу республикабыздагы студенттерге кыргыз элинин руханий байлыгы болгон кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларына кызыгуусун жана таанышуу мүмкүнчүлүгүн арттыруу;
- Евробиримдигинин талабына ылайык гуманитардык билим берүүдө евроазиялык концепцияны негиздөө жолу менен аны жайылтуу;
- көркөм чыгармаларды интерпретациялоо максатында жаңы методикалык жолдорду өнүктүрүүнүн керектиги;

- кыргыз адабиятынын тарыхын камтыган чоң этапты интерактивдүү технологияларды колдонуу менен окутуунун мүмкүнчүлүгү;
- коомдун илимий-технологиялык жактан өнүккөн бүгүнкү этабында компетенттүү адистерди тарбиялоодогу чечимдерди сунуштоонун зарыл болуп саналгандыгы.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы:** изилдөөнүн максатына ылайык Кыргыз-Өзбек университетиндеги илимий изилдөө иштери менен байланышта ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн максаты** – ЖОЖдордо кыргыз адабиятындагы проза жанрын (70-жылдагы повесттер) кредиттик технологиянын негизинде окутуунун теориялык жана методикалык негизин иштеп чыгуу, өндүрүшкө сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

**1.** Изилдөөнүн максатына ылайык, философиялык, адабият таануу, психологиялык, педагогикалык, методикалык адабияттардагы концептуалдык негиздерге талдоо жүргүзүү жана жалпылоо;

**2.** Кредиттик технологиянын негизинде жаңы кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда интерактивдүү методдорду колдонуунун жолдорун үйрөтүү жана аны аныктоо;

**3.** Кредиттик технологиянын негизинде кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда өз алдынча иштерди аткаруунун методикалык системасын иштеп чыгуу;

**4.** Сунуштаган методикалык системаны жайылтуу максатында эксперименттик тажрыйбаларды жүргүзүү, алынган натыйжаларды анализдөө, жыйынтыктоо, өндүрүшкө сунуштоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- ЖОЖдордун кыргыз адабиятындагы проза жанрын (70-жылдагы повесттер) кредиттик технологиянын негизинде окутуунун биринчи жолу илимий-методикалык аспектиде каралгандыгында;
- илимий тажрыйбага таянылып ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуунун жоболорунун иштелип чыгылгандыгында;
- ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутууда интерактивдүү окутуунун жолдорунун иштелгендигинде;
- педагогика, психология, адабият таануу илиминдеги концепциялар изилденген темага ылайыкташтырылып, аныкталып, системалаштырылгандыгында;
- изилдөөдөн алынган натыйжалар, аныктамалар, педагогикалык принциптер иретине келтирилип, ЖОЖдор үчүн сунушталгандыгында.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

1. ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу боюнча анализге алынган илимий-теориялык булактар студенттер, илимий изилдөөчүлөр үчүн илимий таяныч боло алгандыгы;
2. Изилдөөнүн объектисиндеги прозалык чыгармалар студенттердин ички жан дүйнөсүндөгү асыл баалуулуктарды калыптандырып, андан ары өнүгүп, өсүүсүнө жардам берүү менен ага тарбиялагандыгы;
3. Кыргыз адабиятын интерактивдүү окутуудагы колдонулган стратегиялар студенттердин эртеңки кесипкөй адис болуп чыгышына жакындан көмөк көрсөткөндүгү;
4. Изилдөөнүн мазмуну ЖОЖдордо окуу китеби катары пайдаланууга мүмкүнчүлүктүн бергендиги.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**:

-Евробиримдиктин талабына ылайык билим берүү – республикабыздын ЖОЖдорунда учурдун шартына ылайык бааланат;

-заман талабындагы компетенттүү келечек адистерди кредиттик технологиянын негизинде окутуунун зарылдыгы аныкталат жана аны колдонуп, ишке ашыруунун шарттары түзүлөт;

-изилдөөдөн алынган натыйжа, аныктама, сунуштар студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн технологиянын негизинде билим берүү филолог адистиги үчүн эмес, жалпы билим берүү системасы өстүрүп, активдүүлүгүн жогорулатып, компетенттүү кесипкөй адис болушуна мүмкүнчүлүк жаратылат;

-ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу билим берүү системасында актуалдуулугун жоготпой турган орду белгиленет; ЖОЖдордо кредиттик үчүн керектиги далилденет.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:**

-ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуу менен студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатып, компетенттүү, заманбап, кесипкөй адис болуусунун жоболору иштелип чыккандыгы;

-XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) предметинен жаңы муундун программасы, окуу-усулдук колдонмолор илимий-методикалык негизде аныкталгандыгы;

-алынган натыйжалардын баалуулугу жана өндүрүшкө сунушталгандыгы.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы, апробацияланышы:** изилдөөнү негиздеген жана андан алынган натыйжалар илимий-практикалык, республикалык конференцияларда Кыргыз-Өзбек университетинин Илим, билим жана техника журналында (2008-ж.), Ош мамлекеттик университетинин Жарчысына (2014-ж., 2015-ж.), Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарларына (Бишкек, 2015-ж.),

А. Осмоновдун 100 жылдыгына карата Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысына (2015-ж.) “Пути и формы обучения выполнению самостоятельной работы при обучении кыргызской литературе”, “Пути использования при обучении на основе кредитной технологии интерактивных стратегий и их результаты”, “Отдельные вопросы образования по кредитной системе в вузах” аттуу макалалар “Интерактив плюс” журналына Чебоксары, 2016, “Билим берүү системасында болонья процессин жана кредиттик технологияны колдонуунун зарылдыгы жана милдеттери” аттуу макала “Alatoo Academic Studies”, 2016-ж. журналына жарыяланып, жалпысынан он бир макала, студенттер үчүн эки окуу-усулдук колдонмо (Ош, 2014-ж., 2015-ж.) жарык көрдү.

Изилдөөнүн базалык негизи катары Кыргыз-Өзбек университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы социалдык-педагогикалык институту тандалып алынды. Коюлган милдеттерди чечүү үчүн теориялык жана практикалык жоболорду бирге алганда изилдөө 2012-2015-окуу жылдарында эксперименттик сыноо иштерибиз **аныктоочу, окутуучу, изденүүчү** мүнөздү камтып, үч этапта өткөрүлдү.

Аныктоочу экспериментте М.Гапаров, Ж. Мавлянов, З. Cооронбаеванын чыгармаларын билүүсү боюнча студенттердин билимин текшерүү максатында анкеталык сурамжылоо жүргүздүк. 2012−2013-жылдары 1-сынообуз абалды аныктоочу мүнөздө болуп, өзүбүз иштеген Кыргыз-Өзбек университетинин гуманитардык-педагогикалык факультетинин 3-курсунун студенттеринин арасында төмөндөгүдөй **максатта** өткөрүлдү:

1.Университеттердин кыргыз филологиясы факультеттеринде окуган студенттердин окуу процессинде интерактивдүү методдордун жардамы менен XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттер бөлүмү боюнча чыгармачылык ойлоосун жогорулатуунун жол-жоболорун иштеп чыгуу;

2. Интерактивдүү методдорду XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттер бөлүмү сабагында колдонуунун жардамы менен студенттердин чыгармачылык ойлоосун жогорку деңгээлде калыптандыруу жана ал мүнөздүк касиети өнүккөн студенттер өздөштүргөн билимин практикадан сырткары окуу-тарбия иштеринде пайдалануунун жолдорун иштеп чыгуу.

*Экинчи* эксперимент окутуучу формада жүргүзүлүп, анда М.Гапаров, Ж.Мавлянов, З.Сооронбаеванын өмүрү чыгармачылыгы жана повесттери окутулуп, аны окутуунун формасында жаңы интерактивдүү методдор менен сабак өтүлүп, ал методдор үйрөтүлдү.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде 2014−2015-жылдарда аталган ЖОЖдордо студенттеринин арасында изденүүчү эксперимент жүргүзүлдү.

**1-бөлүм. “ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуунун жалпы маселелери”** деп аталып, анда билим берүү системасындагы болон процессин жана кредиттик технологияны колдонуунун зарылдыгы, милдеттери, кредиттик окутуу технологиясынын маани - маңызы, окуу пландарынын формалары жана силлабустардын структурасы такталып, болон процессинин жаралуу тарыхы жана кредиттик технологиянын негизинде окутууда студенттин жана окутуучунун окуу иштеринин көлөмүн өлчөөнүн бирдиги – кредит менен ченелээри XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) предметинин мисалында түшүндүрүлдү.

**2- бөлүм. “ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуунун жолдору”** деп аталып, анда ЖОЖдордо адабияттан билим берүүнүн мааниси, максаты, милдети, методологиялык маселелери такталды. Кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутууда интерактивдүү стратегияларды колдонуп, студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатуунун психологиялык-педагогикалык негиздери көрсөтүлдү. Кыргыз адабиятын окутууда студенттерди өз алдынча иштерди аткарууга үйрөтүүнүн жолдору, формалары жана аны баалоонун жоболору сунушталды.

**3-бөлүм. “Кредиттик технологиянын негизинде студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталган эксперименттер”** деген аталуу менен, ЖОЖдордун кыргыз филология факультеттеринде кыргыз адабияты сабагынын XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттери) бөлүмүнөн изденүүчү эксперимент жүргүзүлүп, анын көндүмдөрү кайтарым билимдеринин сапатына анализ жүргүзүүнүн негизинде эксперименттик тажрыйбалардын натыйжалары анализделип, жыйынтык чыгарылды.

**Диссертациянын көлөмү, ички түзүлүшү:** диссертация 150 беттен, 3 бөлүмдөн, 8 параграфтан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын саны – 167, 12 таблица, 2 сүрөт жана тиркемеден турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуунун жалпы маселелери”** деген аталыштагы изилдөөнүн биринчи бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында Болон процессин жана кредиттик технологияны колдонуунун зарылдыгы жана милдети катары мугалимдин билим, тарбия берүү багыты боюнча студент менен иш алып баруусу, жогорку мектептин дидактикасында педагогика илимдеринин өзгөчө бир салаасы болуп эсептелинип, окутуу процессинде жеке өзүнө гана тиешелүү спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги белгиленет.

Бул маселе Кыргызстандагы кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында жогорку билим берүүнүн структурасынын

өнүгүү инструкциясында да каралгандыгы белгилүү. Чындыгында, кредиттик системаны ЖОЖдордун окуу процессине киргизүүдө ар кандай структуралык бөлүнүүнү кайрадан карап чыгуу, материалдык-техникалык базаны күчөтүү, методикалык жана маалыматтык камсыздандырууну өнүктүрүү, жогорку кесиптик билим берүү структурасына туура келген турмуштук образ боюнча оптимизациялоонун зарылдыгы учурда белгиленүүдө. Ошондуктан, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана Кыргызстандын билим берүү системасы Болонья процессине өтүүсүнүн себеби көрсөтүлүп, ар бир ЖОЖ чет элдик өнөктөш ЖОЖдордун кредиттик системасынын негизинде өздөрүнүн «шарттуулугун» колдонушаары такталууда. Болондук процесстин негизги максаттарынын бири – академиялык жана профессионалдык мобилдүүлүктү өстүрүү жана жарандардын өздүк мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен ишке ашыруусу, билим алууга аларды келечектеги ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү болуусу үчүн камсыздоо болуп саналууда. КРнын Билим берүү министрлиги бул маселе боюнча жалпы принципти жана өз ара байланышууну иштеп чыгуу максатында 2004-2005-окуу жылынан баштап этап менен кредиттик системада окутууга өткөрдү. Себеби, кредиттик системаны ЖОЖдордогу окуу процессинде жүргүзүүнү жана ар кандай структуралык бөлүнүүнү кайрадан карап чыгуу зарылдыгы туулууда, анткени, материалдык-техникалык базаны күчөтүү, методикалык жана информациялык камсыздандырууну өнүктүрүү, жогорку профессионалдык билим берүү структурасын оптимизациялоонун керектиги талап кылынууда. Андыктан болонья процессинин жаралуу тарыхына кайрылып, «Болон процесси» термини жөнүндө түшүнүк берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Билим берүү системасындагы «кредит», «сабактардын кредити», «кредиттик системада билим берүүгө өтүү» сыяктуу терминдердин түшүндүрмөлөрү такталып, кредит технологиясы – бул студенттин дисциплиналарды тандоосуна жана аны окуп үйрөнүүнүн удаалаштыгын өз алдынча аныктоого негизделген окутуу экендиги белгиленди. Мында студенттин жана окутуучунун окуу иштеринин көлөмүн өлчөөнүн бирдиги – кредит менен ченелээрин XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) предметинин мисалында түшүндүрүлдү.

**Диссертациянын «ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуунун жолдору»** аттуу экинчи бөлүмүндө көркөм адабият адам баласынын аң-сезимине, эстетикалык туюмуна, дүйнө кабылдоосуна таасир эте турган искусствонун түрлөрүнөн болуп эсептелиниши жана адамды идеологиялык жактан тарбиялоодо, анын инсандык мүнөзүн калыптандырууда эбегейсиз чоң ролду ойногондугу менен өзгөчөлөнө тургандыгы иликтөөгө алынды.

Ушундан улам, адабиятты окутуунун негизги максаты - студенттерге идеялык, жүрүм-турумдук, эстетикалык тарбия берүү менен алардын

логикасын өстүрүү аркылуу кеп маданиятын калыптандыруу, жалпы дүйнө таанымын кеңейтип, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатып, келечекте кесипкөй инсан болуп чыгышына түздөн-түз таасир эткен жан дүйнөнү өзгөртүүчү каражат болуп санала тургандыгы көрсөтүлөт. Бул аспектиден алганда кыргыз адабиятынын портреттер бөлүмүнүн тарыхый өнүгүшүндө 60-70-жылдары повесть жанрында “романдашуу” күч алгандыгын сынчы Л. Якименко белгилегендей бир жанрдын экинчи жанрга тийгизген таасири катары кабыл алуу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени жогоруда белгиленгендей повесть жанрындагы “романдашууда” повесть жанры романга тиешелүү касиеттерди өз ичине сиңирип, аны өздөштүрүп, трансформациялап, белгилүү даражада романдын аткарган функциясын аткарып жаткандыгы дүйнөлүк аренада ошол мезгилдеги адабият таануунун өнүгүү тарыхында байма-бай белгиленгендиги адабий чөйрөдө белгилүү.

Улуттук адабиятыбыздын өсүш өзгөчөлүктөрүндөгү бул касиетти белгилөөчүлөр, адегенде эле, Ч.Айтматовдун адабий табылгалары болгон “Гүлсарат”, “Ак кеме” повесттерине таянгандыгы баарыга маалым. Өзгөчө XX кылымдын 70-жылдарынын аягында кыргыз профессионал адабиятындагы повесть жанры сандык өсүшкө ээ болбостон, сапаттык жаңылануусу менен дүйнөлүк аренага чыккандыгын кыргыз адабиятынын өнүгүш этаптарын жана повесть жанрынын эволюциялык процессин изилдеген эмгектерде өз учурунда далилдешкен.

Оюбуз далилдүү болсун үчүн ал кездеги кыргыз повесттеринин көркөм чеберлери өздөрүнүн негизги чыгармачылык оюн эң башкы кыймылдаткыч күч катары каармандын жан дүйнөсүн, ички психологиясын ачууга багытташкандыгын көрөбүз. Ага К.Каимовдун ”Кыш ыргактары”, “Жигит баратат”, А.Стамовдун “Жаңы тууган”, “Чүй баяны”, М.Байжиевдин “Чыйыр”, М.Гапаровдун “Кыштакча”, Ж.Мавляновдун “Аваз“, З.Сооронбаеванын ”Астра гүлү“ ж.б. повесттеринде 70-жылдардагы адамдын ички психологиясын ачууда реалисттик адабияттын өзгөчө ушул касиеттерин өздөштүрүүдө ийгиликтүү кадам жасалган чыгармалардын катарына кире тургандыгын белгилөөгө толук негиз бар экендиги далил. Анткени Ч.Айтматов башында турган көптөгөн жазуучуларды бириктирип турган жалпы бир көркөм принцип “70-жылдардагы адам образын сүрөттөөдө кыргыз прозаиктери мүмкүнчүлүктүн болушунча көп сөздүүлүктөн, артыкбаш баяндоолордон, кирди-чыкты персонаждардан жана курулай кооздуктан кол үзүп, бүткүл чыгармачылык иликтөөнү мүмкүн болушунча жеке адамдын көркөм концепциясын түзүүгө бурушкан.

Азыркы адамдын образын сүрөттөөдө авторлор ойку-кайкы окуяга, чырмалышкан сюжетке кызыгышпайт, каармандын ички жан дүйнөсүн белгилөөчү критерий катарында анын адамдык жүрүм-турумдук сапаты

сүрөттөлөт,"–деп белгиленгендей, улуттук адабиятыбыздын байышы ар бир жекече чыгармачылык менен алака-катышта экендигин айтсак болот. Себеби жекече чыгармачылык канчалык кызыктуу, канчалык кереметтүү, өзгөчө болсо, анын жалпы адабий процесске кошкон салымы ошончолук бараандуу келип, айырмаланып турат. Бул маселе жөнүндө сөз кылганда негизги жүк 60-жылдардын муундарына таандык болгону менен 70-80-жылдары повесть жанрын өркүндөтүүгө Түгөлбай Сыдыкбеков башында турган кыргыз прозачыларынын «ардагерлери» да жана колуна калем кармаган жаш талапкерлер да өз салымдарын кошконун унутта калтырууга болбойт.

Билим берүү коомубуздун келечеги менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, коомдун өнүгүү талабына ылайык мыкты кесипкөй болуу үчүн көптү билүү зарылдыгы өзүнөн-өзү келип чыгат. Качан гана студент алган билимин практика менен айкалыштырып, аны өндүрүштө колдоно алганда гана ал, кадыр-барктын ээси болушу мүмкүн. Бул маселеге келгенде кантип студенттердин билим деңгээлин болонья процессиндеги кредиттик технологияларды колдонуу менен жогорку даражага жеткирүүгө болот? - деген суроо келип чыгат. Бул проблеманы чечүүнүн бирден бир жолу катары кредиттик технологиянын негизинде интерактивдүү стратегияларды толук кандуу ЖОЖдордо колдонуу аркылуу студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатып, билим деңгээлин эң жогорку баскычка көтөрүүгө боло тургандыгын көрсөтсөк болот. Кредиттик система аркылуу билим берүүдө XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттерин) окутуу боюнча өткөрүлгөн эксперименттердин жыйынтыгында Европа Биримдигиндеги студенттердин билим деңгээлиндей кыргыз филологиясынын студенттери да:

- өз оюн ачык, эркин айтып, сунуш бере билүүгө;

-кандайтатаал маселе болбосун, ар кандай кырдаалда андан чыгууга;

-топто иштөөдө ыкчамдуу жана ийкемдүү болууга;

-бир мезгилде оозеки, жазуу жүзүндө өз алдынча пикир айта жана жаза билүүгө;

-логикалык жактан ийкем ой жүгүртүүгө;

-топ менен активдүү иштеше билүүсү байкалгандыгын белгилесек болот.

Анткени, кредиттик система аркылуу билим берүүдө окуу процессинин натыйжалуу, сапаттуу болушу ар бир дисциплинадагы материалдар студенттердин аң-сезимине жетишине, аны терең кабыл ала билүүсүнө байланыштуу. Ал жетишкендикке жетүү үчүн министрлик, ЖОЖ тарабынан түзүлгөн ар бир дисциплина боюнча окуу пландары, студенттер үчүн түзүлгөн силлабустар, окуу программаларынын сапаты өтө жогорку деңгээлде болушу зарыл. Сапаттуу түзүлгөн силлабустун

негизинде студенттерге берилген билим терең жана натыйжалуу болору– мыйзам-ченемдүү көрүнүш.

Студенттин чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө негиз болгон технология жөнүндөгү илимий-изилдөөлөрүнө токтолуу менен, ал технология окутуунун максатына жетүүдө, ар кандай метод, каражаттарды колдонуп, студентке билим берип, тарбиялоону Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгын окутуудагы сабактын иштелмеси аркылуу далилдөө диссертацияда айкындалды. Белгилөөчү жагдай, болонья процессиндеги кредиттик технологиялардын негизинде студенттердин билим деңгээлин жогорулатып, чыгармачылык ой жүгүртүүсү артышы үчүн адегенде ар бир лекция, семинарларда алгач графикалык ыкмаларды үйрөтүп, аны колдоно билүүдөн баштаганыбыз оң натыйжа бере тургандыгы эксперименттерден байкалды жана ал сабак өз ичине негизги эки элементти: 1-Билим берүүнү; 2-Максатка жетүү үчүн колдонулган жаңы технологияны камтыды. Натыйжада, студент менен окутуучунун ортосундагы карым-катнаш эң жогорку деңгээлге жетти. Чыгармачылык ой жүгүртүүлөрү активдешти. Жаңы теманы жаңыча кабыл алуусу, бири-бирин угуусу, бирин-бири баалай билүүсү тереңдеп, сабак максатына жетип, натыйжалуу сапат алынды.

Студенттердин өз алдынча аткарылуучу иштери билим берүү процессинин эң негизги маанилүү этабы болуп саналат. Өз алдынча аткарылуучу иштер – сабакты аудиторияда уюштуруда жана андан тышкаркы окутуучу менен болгон байланышын, жекече даярдыктарын, башкача айтканда, ушул эки процессти иш жүзүнө активдүү чыгармачылык менен аткаруусу студенттин кайтарым көндүмдөрүн калыптандыруу аркылуу өнүктүрүп, өркүндөтүүгө багытталган комплекстүү негизги мамиле жана негизги принцип экендиги тастыкталды. Мисал катары XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) аркылуу студенттердин өз алдынча иштерди аткаруусунун формалары берилди.

Илимий-изилдөөнүн **“Кредиттик технологиянын негизинде студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталган эксперименттик иштердин жыйынтыктары”** аттуу үчүнчү бөлүмүндө жогорку окуу жайларындагы кыргыз филологиясы факультеттеринде “XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы портреттер” аттуу предметти окутууда интерактивдүү методдорду пайдалануу менен студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатуу маселесин чечүү үчүн педагогикалык экспериментти өткөрүүнүн зарылдыгы аталган предметти окутуу процессиндеги кандай карама-каршылыктардан улам келип чыккандыгы такталды:

– ЖОЖдордо интерактивдүү методдорду пайдалануу менен студенттердин чыгармачылыгын жогорулатууга боло тургандыгын таануунун солгундугунан;

– окуу процессинде интерактивдүү методдорду колдоно алган педагогдордун жетишсиздигинен;

– билим берүүнүн сапатын көтөрүүдө интерактивдүү методдорду колдонуу толук кандуу колго алынбай келе жаткандыгынан;

– канчалык билим берүү системасында бул маселе күн тартибинде үзгүлтүксүз коюлуп келе жаткандыгына карабастан, салттуу окутуу үстөмдүк кылуусунан;

– сабакта берилген билимдин кайтарымында окутуучу тарабынан коюлган маселелерди чыгармачылык менен чечмелөөдө, логикалык системага келтирүүдө, оюн эркин, так, көркөм айта билүү көндүмдөрүнүн жоктугунан.

Жазуу жана оозеки кептеринин начардыгынан улам максатталган *эксперимент* өткөрүлдү жана *төмөнкү* ***принциптерге*** таяндык:

1. Кредиттик технологиянын негизинде студенттердин интерактивдүү методдор боюнча абстрактуу түшүнүктөрүн, теориялык билимдерин конкреттештирүү;

2. “XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы портреттер” аттуу предметтин теориялык мазмуну менен 70-жылдардагы повесттерди окутууда интерактивдүү методдорду колдонуп окутууну бири-бири менен байланыштыруу;

3. Студенттерди интерактивдүү методдорду турмуштук практикасында колдоно билүүсүнө үйрөтүү жана аны андан ары өркүндөтүүсүнө көмөктөшүү;

Эксперимент жүргүзүүдө “XX кылымдагы кыргыз адабиятындагы портреттер” аттуу предметти окутуудагы жогоруда аталган карама-каршылыктарды четтетүүнүн пландары иштелип чыгып, алар интерактивдүү методдор аркылуу жүзөгө ашырылуусу сабактын иштелмелеринин мисалында көрсөтүлдү.

Пландалган эксперименттик сыноо иштерибиз аныктоочу, окутуучу, изденүүчү мүнөздү камтып, 2012-2015- окуу жылдар аралыгында үч этапта өткөрүлүп, алар Кыргыз-Өзбек университетинин, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана Баткен мамлекеттик университетиндеги социалдык-педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты адистигинде окуган 3-4-курстун жана филологиялык билим берүү багытындагы кыргыз тили жана адабияты профилинде окуган 4-курстун студенттеринин арасында жүргүзүлүп, студенттердин кыргыз адабиятындагы проза жанрындагы 70-жылдагы жазуучулар М.Гапаров, Ж.Мавлянов жана З.Сооронбаеванын повесттерин кредиттик технологиянын негизинде окуп-үйрөнүү боюнча билим, билгичтиктери

сынактан өткөрүлүп, текшерилди. Студенттердин 70-жылдагы повесттерди өздөштүрүү деңгээлдери боюнча билимин текшерүү үчүн анкеталык суроолор ошону менен бирге эле интерактивдүү методдорду практика жүзүндө колдоно алууларын текшерүүчү сынак иштери анкеталык сурамжылоолор аркылуу жүргүзүлдү.

**Таблица 3.1.1** – М.Гапаровдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчү

| Жогорку окуу жайлар | Кыргыз-Өзбек университети | | | | Жалал-Абад мамлекеттик университети | | | | БатМУнун алдындагы социалдык-педагогикалык институту | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ саны | % |
| жогорку деңгээл | 5 | 21,7 | 7 | 31,8 | 8 | 29,6 | 4 | 19,04 | 8 | 26,6 | 6 | 26,08 |
| ортоңку деңгээл | 8 | 34,7 | 5 | 22,7 | 6 | 22,2 | 8 | 38,09 | 10 | 33,3 | 8 | 34,7 |
| төмөнкү деңгээл | 10 | 43,4 | 10 | 45,4 | 13 | 48,1 | 9 | 42,8 | 12 | 40 | 9 | 39,1 |
| ст.жалпы | 23 | | 22 | | 27 | | 21 | | 30 | | 23 | |

**Таблица 3.1.2** – Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчү

| Жогорку окуу жайлар | Кыргыз-Өзбек университети | | | | Жалал-Абад мамлекеттик университети | | | | БатМУнун алдындагы социалдык-педагогикалык институту | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ саны | % |
| жогорку деңгээл | 7 | 26,9 | 6 | 30 | 7 | 26,9 | 4 | 18,18 | 7 | 25 | 7 | 29,1 |
| ортоңку деңгээл | 9 | 34,6 | 5 | 25 | 5 | 19,2 | 9 | 40,9 | 9 | 32,1 | 8 | 33,3 |
| төмөнкү деңгээл | 10 | 38,4 | 9 | 45 | 14 | 53,8 | 9 | 40,9 | 12 | 42,8 | 9 | 37,5 |
| ст.жалпы | 26 | | 20 | | 26 | | 22 | | 28 | | 24 | |

**Таблица 3.1.3** – З.Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчү

| Жогорку окуу жайлар | Кыргыз-Өзбек университети | | | | Жалал-Абад мамлекеттик университети | | | | БатМУнун алдындагы социалдык-педагогикалык институту | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ саны | % |
| жогорку деңгээл | 6 | 21,4 | 3 | 16,6 | 7 | 28 | 6 | 25 | 8 | 29,6 | 6 | 25 |
| ортоңку деңгээл | 10 | 35,7 | 6 | 33,3 | 7 | 28 | 8 | 33,3 | 9 | 33,3 | 8 | 33,3 |
| төмөнкү деңгээл | 12 | 42,8 | 9 | 50 | 11 | 44 | 10 | 41,6 | 10 | 37,03 | 10 | 41,6 |
| ст.жалпы | 28 | | 18 | | 25 | | 24 | | 27 | | 24 | |

**Таблица 3.1.4** – Жогорку окуу жайлардын студенттеринин биринчи аныктоочу этаптагы көрсөткүчтөрүнүн деңгээли

| Эксп. түрлөрү | М.Гапаровдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча | | | | Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча | | | | З.Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | Текш. | | Эксп. | | Текш. | | Эксп. | | Текш. | |
| | студ саны | % | студ саны | % | студ саны | % | студ саны | % | студ саны | % | студса ны | % |
| жогорку деңгээл | 21 | 26,2 | 17 | 25,7 | 21 | 26,2 | 17 | 25,7 | 21 | 26,2 | 15 | 22,7 |
| ортоңку деңгээл | 24 | 30 | 21 | 31,8 | 23 | 28,7 | 22 | 33,3 | 26 | 32,5 | 22 | 33,3 |
| төмөнкү деңгээл | 35 | 43,7 | 28 | 42,4 | 36 | 45 | 27 | 40,9 | 33 | 41,2 | 29 | 43,9 |
| ст.саны | 80 | | 66 | | 80 | | 66 | | 80 | | 66 | |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, 70-жылдагы жазуучулар М.Гапаров, Ж.Мавлянов жана З.Сооронбаеванын повесттерин кредиттик технолдогиянын негизинде окуп-үйрөнүү боюнча студенттердин өздөштүрүүсү жана чыгармачылык активдүүлүгүнүн деңгээли боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик:

**Төмөнкү деңгээлде с**туденттер М.Гапаровдун, Ж.Мавляновдун, З.Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгын билүү аркылуу чыгармачылык ой жүгүртүүсү жогорулаарын билишпейт жана ал боюнча

түшүнүктөр аз жана өнөр инсандардын портретине болгон кызыгуулары төмөн экендигин жогорку таблицадагы деңгээлдик көрсөткүч аныктады.

**Орточо деңгээлде** жазуучулардын ичинен М.Гапаровдун чыгармаларынан “Кыштакча” повести, Ж.Мавляновдун чыгармаларынан “Аваз” повести боюнча студенттер жетишээрлик деңгээлде маалыматы бар. Бирок, алар аркылуу чыгармачылык ой жүгүртүүлөрү жогорулоосун түшүндүрүүдө атайын билимдери жетишсиз.

**Жогорку деңгээлде с**туденттердин М.Гапаров, Ж.Мавлянов, З.Сооронбаеванын чыгармалары боюнча түшүнүктөрү бар. Алардын чыгармаларынын идеялык мазмуну кантип чыгармачылык ой жүгүртүүнү көтөрүүгө боло тургандыгын талдай алышат.

Тилекке каршы, мындай деңгээлдеги студенттердин аз санда экендиги байкалып, анын себептери катары төмөнкүлөр аныкталды:

Биринчиден, XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери окуу дисциплинасынын типтүү программасына жаңыдан кирген, ошондуктан студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн негизги каражаты экендиги тууралуу алардын жетишээрлик деңгээлде маалыматтарынын жоктугу;

Экинчиден, жазуучулардын чыгармаларындагы адабий-поэтикалык, көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык, эмгектик баалуулуктар боюнча түшүнүктөрүнүн жоктугу;

Үчүнчүдөн, мектепте Ж.Мавлянов, М.Гапаров, З.Сооронбаеванын чыгармалары боюнча алган билимдеринин жетишсиз деңгээлде экендиги;

Төртүнчүдөн, ЖОЖдордо өтүлгөн кураторлук сааттарда, маданий-массалык иштерде, студенттин өз алдынча ишинде, окутуучулардын студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларда аталган жазуучулардын чыгармаларына басымдын жасалбагандыгы;

Бешинчиден, ЖОЖдордун окутуучулары жана студенттери үчүн атайын ушул жылдардагы аталган жазуучулардын чыгармачылыгы тууралуу иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмолордун жоктугу.

Жазуу түрүндө алынган жооптордун мындай даражаны түзүп калышына студенттердин логикалык ойлоо жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээлдик даражасы тоскоол болгон. Анткени көрүп, андап кабыл алган нерсесин ой чеминен өткөрүү үчүн берилген суроолордун маңызын турмуш чындыгы менен канчалык денгээлде байланыштуу болгондугун ажыратып, салыштырып, анализдеп алуулары керек эле, ошондо гана студенттин берилген тапшырма боюнча ой жүгүртүүсү өз деңгээлинде болмок. Андай чыныгы ой жүгүртүү үчүн студенттер турмуштук чындык менен көркөм чындыкты туура элестетүүсү керек. Ал ой жүгүртүүнүн сапатын арттырат. Эгер андай болбосо, ой жүгүртүү, ойлоонун формасы

катарында өз баасын жоготууга дуушар болгондугу жогорудагы алардын берген жоопторунун мазмунунан көрүндү.

Эксперименттин экинчи этабында үч прозаиктин чыгармалары окутулуп, аны окутууда жаңы интерактивдүү методдор менен өтүү колдонулуп, ага үйрөтүлдү.

ЖОЖдордун кыргыз филология факультеттеринде XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер) дисциплинасынан изденүүчү эксперимент жүргүзүлүп, анын көндүмдөрүн кайтарым билимдери аркылуу сапаттык натыйжаларына анализ жүргүзүүнүн негизинде эксперименттик тажрыйбалардын натыйжалары талданып, жыйынтык чыгарылды.

Эксперимент эки багытта жүрдү:

1. М. Гапаровдун, Ж. Мавляновдун, З. Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы менен бирдикте XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) предметинин мазмуну менен кошо кошумча адабияттарды окуп талдап үйрөнүү;

2. Студенттердин XX кылымдагы кыргыз адабиятынан (портреттери) акын-жазуучулардын чыгармаларынын идеялык мазмунундагы чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү идеяларды талдоо, аны өркүндөтүүчү методдорду системага салуу, ал аркылуу студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн кантип жогорулатуунун жолдорун аныктоо;

3. Атайын бакалавр тайпалары үчүн окуу планы боюнча бөлүнгөн саатына жараша жумушчу программасын түзүү;

Ушул зарылдыктан улам студенттер үчүн төмөндөгүдөй мазмундагы эксперименттик материалдардын топтому түзүлдү.

ЖОЖдордун кыргыз филологиясы факультетинин бакалавр тайпаларында окуган студенттерине арналган XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) предметинен атайын практикалык сабактардын иштелмеси, тесттер жыйнагы окуу-усулдук колдонмолор иштеп чыгылды жана студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн арттырууга өбөлгө болгон шарттарды, каражаттарды аныктап, интерактивдүү методдор жана методикалык ыкмалар системалуу окутулду.

**Педагогикалык эксперименттин мезгилинде** XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери аттуу предмет боюнча **төмөнкүдөй сыноо иштерин өткөрдүк:**

1. ЖОЖдун филологиялык билим берүү багытындагы кыргыз тили жана адабияты профилиндеги бакалавр тайпаларында XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) курсуна бөлүнгөн саат аз, бирок студенттерге жеткире турган материалдын көлөмдүүлүгүнө байланыштуу аталган предметти окутуунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн графикалык таблицалар, РАФТ, эки баскычтуу күндөлүк сыяктуу интерактивдүү методдор практикаланды. Студенттердин өз алдынча

иштөөсү, билим, билгичтиктери илимий-методикалык негизде иштелип чыгылды;

2. ЖОЖдордогу XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери курсун кредиттик технологиянын негизинде окутуу менен студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн көтөрүүгө жетишилди;

3. Студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн көтөрүүчү методдорду системага салуу менен анын натыйжасы иликтенилди;

4. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери курсу боюнча анкеталык жана тесттик сурамжылоолордун негизинде студенттердин өз алдынча иштеринин багыттары жана ал иштерди текшерүүнүн инструментарийлери белгиленди;

5. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттери) атайын курсун окутуунун негизинде чыгармачылык ой жүгүртүүнү жогорулатуучу интерактивдүү сабактардын иштелмелери түзүлдү.

Жогоруда аткарылган иш процесстери студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүнүн деңгээлдик көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы катары каралды.

**Эксперименттин жыйынтыктоочу этабында алынган натыйжалар:**

1. Тажрыйба жүргүзүү үчүн анын максатын, формасын аныктап, интерактивдүү методдорду колдоно билүүнүн технологиясы иштелип чыгылды;

2. Эксперименттерди өткөрүүдө коюлган талаптарды план боюнча аткарып, ага байкоо жүргүзүп, андан жыйынтык чыгарылды;

3. Изденүүчү, окутуу эксперименттерди жүргүзүүдө студенттердин өздүк чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө байкоо жана талдоо жүргүзүлүп, жыйынтык чыгарылды;

4. Эксперимент өткөрүүдө максатталган тапшырмаларды толук кандуу аткаруу, андан жыйынтык чыгаруу, баалоо талаптары жогоруда түзүлгөн шарттарга ылайык аткарылды.

XX кылымдагы кыргыз адабиятын (портреттер) интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүүнүн негизинде студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүнүн жогорулаш көрсөткүчү төмөндөгүдөй болду:

**Таблица 3.2.1** – М.Гапаровдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчтөрү

| Жогорку окуу жайлар | Кыргыз-Өзбек университети | | | | Жалал-Абад мамлекеттик университети | | | | БатМУнун алдындагы социалдык-педагогикалык институту | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ саны. | % |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| жогорку деңгээл | 13 | 52 | 8 | 40 | 10 | 43,4 | 9 | 36 | 14 | 50 | 9 | 36 |
| ортоңку деңгээл | 9 | 36 | 6 | 30 | 8 | 34,7 | 8 | 32 | 10 | 35,7 | 8 | 32 |
| төмөнкү деңгээл | 3 | 12 | 6 | 30 | 5 | 21,7 | 8 | 32 | 4 | 14,2 | 8 | 32 |
| ст.жалпы | 25 | | 20 | | 23 | | 25 | | 28 | | 25 | |

**Таблица 3.2.2** – Ж.Мавляновдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчтөрү

| Жогорку окуу жайлар | Кыргыз-Өзбек университети | | | | Жалал-Абад мамлекеттик университети | | | | БатМУнун алдындагы социалдык-педагогикалык институту | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ саны. | % |
| жогорку деңгээл | 14 | 56 | 8 | 40 | 12 | 52,1 | 10 | 40 | 13 | 46,4 | 10 | 40 |
| ортоңку деңгээл | 8 | 32 | 6 | 30 | 9 | 39,1 | 8 | 32 | 12 | 42,8 | 8 | 32 |
| төмөнкү деңгээл | 3 | 12 | 6 | 30 | 2 | 8,6 | 7 | 28 | 3 | 10,7 | 7 | 28 |
| ст.жалпы | 25 | | 20 | | 23 | | 25 | | 28 | | 25 | |

**Таблица 3.2.3** – З.Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча студенттердин жоопторунун көрсөткүчтөрү

| Жогорку окуу жайлар | Кыргыз-Өзбек университети | | | | Жалал-Абад мамлекеттик университети | | | | БатМУнун алдындагы социалдык-педагогикалык институту | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ саны. | % |
| жогорку деңгээл | 12 | 48 | 7 | 35 | 10 | 43,4 | 9 | 36 | 11 | 39,2 | 9 | 40 |
| ортоңку деңгээл | 8 | 32 | 7 | 35 | 7 | 30,4 | 8 | 32 | 10 | 39,2 | 8 | 32 |
| төмөнкү деңгээл | 5 | 20 | 6 | 30 | 6 | 26,0 | 8 | 32 | 7 | 39,2 | 8 | 32 |
| ст.жалпы | 25 | | 20 | | 23 | | 25 | | 28 | | 25 | |


**Таблица 3.2.4** – Жогорку окуу жайлардын студенттеринин үчүнчү этаптагы көрсөткүчтөрүнүн деңгээли

| Эксп. | М.Гапаровдун | Ж.Мавляновдун | З.Сооронбаеванын |
|---|---|---|---|


| түрлөрү | чыгармачылыгы боюнча | | | | чыгармачылыгы боюнча | | | | чыгармачылыгы боюнча | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | | эксп. | | текш. | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % |
| жогорку деңгээл | 37 | 48,6 | 26 | 37,1 | 39 | 50,6 | 28 | 40 | 33 | 44 | 25 | 35,7 |
| ортоңку деңгээл | 27 | 35,5 | 22 | 31,4 | 29 | 37,6 | 22 | 31,4 | 25 | 33,3 | 23 | 32,8 |
| төмөнкү деңгээл | 12 | 15,7 | 22 | 31,4 | 9 | 11,6 | 20 | 28,5 | 17 | 22,6 | 22 | 31,4 |
| ст.жалпы | 76 | | 70 | | 77 | | 70 | | 75 | | 70 | |

**Таблица 3.2.5 – Жыйынтыктоочу этаптагы тайпалардын көрсөткүчү**

| Деңгээлдер | Эксперименталдык тайпалар | | | | Текшерүүчү тайпалар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тайпа | Аныктоочу этап | | Жыйынтыктоочу этап | | Аныктоочу этап | | Жыйынтыктоочу этап | |
| | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % | студ. саны | % |
| жогорку деңгээл | 63 | 26,2 | 109 | 47,8 | 49 | 16,4 | 77 | 37,01 |
| ортоңку деңгээл | 73 | 30,4 | 81 | 35,5 | 65 | 21,8 | 67 | 32,2 |
| төмөнкү деңгээл | 104 | 43,3 | 38 | 16,6 | 184 | 61,7 | 64 | 30,7 |




1-сүрөт. Аныктоочу этаптын маалыматы чагылдырылган диаграмма




2-сүрөт. Жыйынтыктоочу этаптын маалыматтарын чагылдырган диаграмма

Таблицада жана диаграммада көрсөтүлгөндөй жыйынтыктоочу этапта эксперименталдык тайпалардагы жогорку деңгээл 21,6% га жогорулап, төмөнкү деңгээл 26,7% кыскарган. Ал эми текшерүүчү тайпаларда олуттуу өзгөрүүлөр байкалган жок.

Ошентип, ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринде XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) сабагында интерактивдүү методдорду колдонуп өтүү аркылуу студенттердин билим алуудагы билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн сапаттык натыйжаларына анализ жүргүзүүнүн негизинде төмөнкү **жыйынтыкка** ээ болдук:

1. Кредиттик технологиянын негизинде окуган ЖОЖдордо интерактивдүү методдорду XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) сабагын окутууда үзгүлтүксүз колдонуу менен студенттердин ишмердүүлүгү, жөндөмү артып, жеке чыгармачылык ой жүгүртүүлөрү жогорулады;

2. Кредиттик технологиянын негизинде окуган кыргыз филологиясы факультеттериндеги студенттердин интерактивдүү методдорду колдоно билүү маданияты өркүндөдү;

3. Окуу процессинин өзгөчө жүрүшү менен билим алган ар бир студенттин чыгармачыл активдүүлүккө ээ болушу болочокто кесипкөй инсан болууга өбөлгө түзүп, биз сунуштаган методдорубуз ЖОЖдордун окуу-тарбия процессинде үзгүлтүксүз жайылтуу үчүн негиз боло алат деген жыйынтыкка келүүгө шарт түздү.

***Изилдөөбүздүн негизги максатына ылайык төмөндөгү милдеттер аткарылды***:

1. Изилдөөнүн максатына ылайык, адабият таануу, психологиялык, педагогикалык, методикалык, философиялык адабияттардагы концептуалдык булактарга талдоо жүргүзүү менен алар жалпыланылды;

2. Кредиттик технологиянын негизинде ХХ кылымдын кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда интерактивдүү методдорду колдонуунун жолдору үйрөтүлүү менен алардын натыйжалары аныкталды. 70-жылдагы повесть жанрынын өнүгүшүнө салым кошкон жазуучулар М.Гапаровдун, Ж.Мавляновдун, З. Сооронбаеванын өмүрү, чыгармачылыгы жана повесттери боюнча сабактын моделдери студенттердин кыска убакытта тема боюнча кенен маалымат алуусуна ыкталып, графикалык ыкмалар менен иштелди;

3. Кредиттик технологиянын негизинде кыргыз адабиятындагы проза жанрын окутууда өз алдынча иштерди аткаруунун методикалык системасы иштелип чыгылып, анын планы ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын портреттери предметинин окуу планында бөлүштүрүлгөн саатка жараша, кредиттик сааттын негизинде эсептик-графикалык иштер, рефераттар, букледдер, үй тапшырмалары, жеке тапшырмаларды же студенттин өздүк демилгеси менен сунушталган тапшырмаларды аткаруусу, студенттик конференцияларга ж.б.у.с. докладдарды даярдоосу, окутуучунун жетекчилиги менен же жетекчиликсиз милдеттүү түрдө эмес олимпиадаларга, конкурстарга, диспуттарга, билим рингдерге катышуу менен өз алдынча иштерди аткаруусу көрсөтүлдү;

4. Сунуштаган методикалык системаны жайылтуу максатында эксперименттик тажрыйбалардын натыйжалары жалпы анализделип, жыйынтыкталды, өндүрүшкө сунушталды. Изилдөөнүн базалык негизи катары алынган Кыргыз-Өзбек университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы социалдык-педагогикалык институтунда өткөрүлгөн эксперименттик тажрыйбалардын жыйынтыгы чыгарылды.

***Изилдөөнүн тыянактарынан чыккан практикалык сунуштар:***

-кредиттик системаны ЖОЖдордун окуу процессинде колдонууда ар кандай структуралык бөлүнүүнү кайрадан карап чыгуу;

-университеттеги материалдык-техникалык базаны өркүндөтүүнүн зарылдыгы;

-ЖОЖдордо методикалык жана информациялык камсыздандырууну өнүктүрүү;

-жогорку профессионалдык билим берүү структурасын туура келген турмуштун талабына, реалдуу образына ылайык оптимизациялоонун зарылдыгы;

-кредиттик технологиянын негизинде ЖОЖдордо окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу боюнча атайын уюштуруу иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү;

-ХХ кылымдагы кыргыз адабияты (портреттери) дисциплинасынан билим берүүдө жана сабактан тышкаркы мезгилдерде иш алып барууда бул процесске олуттуу таасир көрсөтүүчү сырткы факторлорду жоюуда тажрыйбалуу педагогдорду үзгүлтүксүз пайдалануу;

-ЖОЖдордогу билим берүү чөйрөсүндө кредиттик технологиянын негизинде студенттердин чыгармачыл ишмердүүлүгүн активдештирүү боюнча окуу-тарбия жараянынын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоодо педагогика, педагогиканын тарыхы, адабияттын тарыхы, адабият таануу, адабий сыны, кыргыз адабиятын окутуунун методикасы, тарбиялык иштердин методикасы, студенттердин педагогикалык практикасы жана илимий изилдөө иштери боюнча окуу пландарын жана программаларын кайрадан изилдөөнүн жана бирдиктүү байланыштагы иш пландарын түзүүнүн зарылдыгы;

-кредиттик технологиянын негизинде интерактивдүү методдорду үзгүлтүксүз колдонуу менен студенттердин өз алдынча, илимий, ж.б. иш-аракеттерди аткаруусуна жетиштирүүнүн керектиги;

- өлкөбүз үчүн сапаттуу адистердин даярдалып чыгышы үчүн изилдөөчү тарабынан сунушталган бакалавр багытын даярдоо үчүн окутуу программасы (силлабус), окуу китеби, атайын курс, атайын семинар ж.б.иштелип чыгышынын муктаждыгы;

Изилдөөнүн негизинде киргизилген сунуштар учурдун талабына жараша филология эле эмес, бардык педагогикалык адистиктер үчүн илимий-методикалык булак болот деген ишенимдебиз.

**Изилдөөнүн мазмуну жана жыйынтыктары төмөндөгү эмгектерде чагылдырылды:**

1. **Усарова, Г.У**. XX кылымдагы кыргыз адабиятынан тесттердин жыйнагы [Текст] ЖОЖдордун студенттери үчүн окуу методикалык колдонмо. / Г.У.Усарова // – КӨУнун басмаканасы. 2014. – 76 б.
2. **Усарова, Г.У**. XX кылымдагы кыргыз адабиятынан (портреттер) практикалык сабактын иштелмеси [Текст] ЖОЖдордун студенттери үчүн окуу методикалык колдонмо. / Г.У. Усарова // – Ош: КӨУнун басмаканасы. 2015.-76-б.

**Макалалары:**

1. **Усарова, Г.У.** Келечек адистеринин профессионалдык чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандыруудагы сынчыл ойлоонун ролу [Текст] / 2-бөлүм. Б.К.Үкүева, Г.У. Усарова // Илим. Билим. Техника. – 2008. –№2. – 41-44-бб.
2. **Усарова, Г.У**. ЖОЖдордо кыргыз адабияты сабагында Мурза Гапаровдун өмүрү-чыгармачылыгын окутуу [Текст] / Г.У. Усарова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. - 2015. – № 1 (33). – 52-54-бб.
3. **Усарова, Г.**У. Жаңы кыргыз адабияты сабагында студенттердин жазуу жана оозеки чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрүү [Текст] / Г.У. Усарова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. 2015. – № 1 (33). – 55-58-бб.

**4. Усарова, Г.**У. Новатор акындын чыгармаларын ЖОЖдордо интерактивдүү методдордун негизинде окутуу [Текст] / Г.У. Усарова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. 2015. – Атайын чыгарылышы. – 279-281-бб.

**5. Усарова, Г.**У. Пути использования при обучении на основе кредитной технологии интерактивных стратегий и их результаты [Текст] / Г. У. Усарова // Педагогика и психология: актуальные вопросы теории и практики. – Чебоксары, 2016. – № 1 (6). – С. 44-47.

**6. Усарова, Г.**У. Отдельные вопросы образования по кредитной системе в вузах. [Текст] / Г. У. Усарова // Сборник трудов конференции "Психология и педагогика XX века: теория, практика и перспективы». - Чебоксары – 2016. – С.130-133.

**7. Усарова, Г.У.** Кредиттик технологиянын негизинде окутууда студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жогорулатуунун психологиялык-педагогикалык негиздери [Текст] / Б.К.Үкүева, Г.У. Усарова // ОшМУнун жарчысы. – 2015. – №4. – 178-182-бб.

**8. Усарова, Г.**У. ЖОЖдордо кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мааниси, максаты, милдети жана методологиялык маселелери (70-жылдагы повесттер) [Текст] / Г. У. Усарова // ОшМУнун жарчысы. – 2015. – № 4. 291-293-бб.

**9. Усарова, Г.У**. Азыркы мезгилдеги кыргыз педагогика илиминин калыптанышы [Текст] / Г. У. Усарова // ОшМУнун жарчысы – 2015. – № 4. – 294-296-бб.

**10. Усарова, Г.У**. Билим берүү системасында болонья процессин жана кредиттик технологияны колдонуунун зарылдыгы жана милдеттери [Текст] / Г.У.Усарова // Alatoo academic studies. – 2016. – № 3. – 338-340-бб.

**11. Усарова, Г.У** Пути и формы обучения выполнению самостоятельной работы при обучении кыргызской литературе [Текст] / Г.У.Усарова // Образование и наука в современных условиях. – Чебоксары, 2016. – №1(6) – С. 208-212.

**Усарова Гулбахор Уринбоевнанын «Кыргыз адабиятындагы проза жанрын жогорку окуу жайларында окутууда кредиттик технологияны колдонуунун илимий-методикалык негиздери (70-жылдагы повесттер)» аттуу 13.00.02–окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр:** кыргыз адабиятын окутуунун усулу, XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер), проза жанры, кредиттик технология, интерактивдүү окутуу методу.

**Изилдөөнүн обьектиси:** ЖОЖдордо "XX кылымдагы кыргыз адабияты (портреттер)" окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** ЖОЖдордогу филологиялык билим берүү (кыргыз тили жана адабияты) багытындагы бакалавр бүтүрүүчүлөрүнүн чыгармачылыгын жогорулатууда кредиттик технология менен окутуу процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** ЖОЖдордо кыргыз адабиятындагы проза жанрын (70-жылдагы повесттер) кредиттик технологиянын негизинде окутуунун теориялык жана методикалык негизин иштеп чыгуу, өндүрүшкө сунуштоо;

**Изилдөөнүн милдети:** Адабият таануу, психологиялык, педагогикалык, методикалык адабияттарга талдоо жүргүзүү жана жалпылоо; Кыргызстандагы филологиялык билим берүү багытындагы кыргыз тили жана адабияты профилинин "бакалаврына" XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттери) предметинен проза жанрын окутууда интерактивдүү методдорду колдонуунун жолдорун үйрөтүү жана аны аныктоо; Сунуштаган методикалык системаны жайылтуу максатында XX кылымдагы кыргыз адабиятынын (портреттери) предметинен бакалавр-студенттерге эксперименттик тажрыйбаларды жүргүзүү, алынган натыйжаларды анализдөө, жыйынтыктоо жана өндүрүшкө сунуштоо;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** ЖОЖдордун кыргыз адабиятындагы проза жанрын (70-жылдагы повесттер) кредиттик технологиянын негизинде окутуунун биринчи жолу илимий-методикалык аспектиде каралгандыгында; Илимий тажрыйбага таянып ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде окутуунун жоболору иштелип чыккандыгында; ЖОЖдордо кыргыз адабиятын кредиттик технологиянын негизинде интерактивдүү окутуунун жолдору иштелип чыккандыгы;

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** изилдөөдөн алынган натыйжалар Кыргызстандын жогорку окуу жайларында, мектептерде окуу-нормативдик документтердин иштелмелеринде (мамстандарт, программа, окуу планы, концепция, окуу китеби ж.б.) колдонууга мүмкүнчүлүктүн бардыгы; изилдөөнүн мазмуну адистердин квалификациясын жогорулатуучу факультеттеринде жана ЖОЖдордогу студенттер, окутуучулар лекциялык, практикалык сабактарда таяныч колдонмо катары пайдаланууга мүмкүнчүлүктүн берилгендиги.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Усаровой Гулбахор Уринбоевны на тему «Научно-методические основы обучения жанру прозы в кыргызской литературе с использованием кредитной технологии в высших учебных заведениях», представленной на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература)**

**Ключевые слова:** методика преподавания кыргызской литературы, кыргызская литература XX века (портреты), жанр прозы, кредитная технология, интерактивные методы обучения.

**Объект исследования:** процесс обучения кыргызской литературе XX века на филологических факультетов вузов Кыргызстана.

**Предмет исследования:** процесс совершенствования методики обучения жанру прозы в кыргызской литературе с использованием кредитной технологии по направлению «Бакалавр. Филологическое образование (кыргызский язык и литература)».

**Цель исследования:** разработка и внедрение интерактивной методики обучения жанру прозы (повести 70-х годов XX века) в кыргызской литературе с использованием кредитной технологии.

**Задачи исследования:**

**1**.Изучить и проанализировать научно-методическую и психолого-педагогическую литературу по исследуемой проблеме. **2.**Определить современное состояние методики обучения жанру прозы в кыргызской литературе XX века (повести 70-х годов) на филологических факультетах вузов Кыргызстана по направлению «Бакалавр». **3**.Разработать интерактивные методические пути использования кредитной технологии при обучении студентов-бакалавров жанру прозы в кыргызской литературе XX века.

**Научная новизна исследования** заключается в том, что впервые разработана научно обоснованная и экспериментально апробированная интерактивная методика обучения студентов-бакалавров жанру прозы с использованием кредитной технологии в вузах Кыргызстана; систематизированы принципы внедрения кредитной технологии в методику преподавания кыргызской литературы.

**Практическая значимость результатов исследования.** Полученные в ходе исследования результаты могут быть использованы: при разработке учебно-нормативных документов (госстандартов, программ, учебных планов, концепций, учебников) по кыргызской литературе для школ и вузов Кыргызстана; при разработке материалов лекционных и практических занятий для студентов и учителей на факультетах повышения квалификации и др.

## SUMMARY

**of the thesis of USAROVA GULBAKHOR URINBOEVNA on the topic "Scientific and Methodological Basis of Teaching Prose Genre in the Kyrgyz Literature Using Credit Technology in the Institutions of Higher Education" presented to the degree of the Candidate of Pedagogical Science on specialty 13.00.02- Theory and Methods of Teaching and Education (the Kyrgyz Literature)**

**Key words:** Methods of teaching Kyrgyz Literature, Kyrgyz literature (portraits) of the XXth century, genre prose credit technology, interactive methods of teaching.

**The Object of Investigation:** Teaching process of the topic "Kyrgyz Literature (portraits) of the XXth century" at the Philological Faculties of Institutions of Higher Education of the Kyrgyz Republic.

**The Subject of Investigation:** The process of improvement of the methods of teaching prose genre in the Kyrgyz literature using credit technology graduates of "Bachelor" degree of Philological Education (Kyrgyz Language and Literature)".

**The Aim of Investigation:** development and introduction interactive methods of teaching prose genre (novellas of the $70^{th}$ of the XXth century) in the Kyrgyz literature using credit technology;

**The Purpose of Investigation:** 1.To study and analyze scientific and methodological and psychological and pedagogical literature on the issue of investigation. **2.** Identify contemporary condition of the methods of teaching prose genre in the Kyrgyz literature of the XXth century (novellas of the $70^{th}$) at the philological faculties of the Institutions of Higher Education of the Kyrgyz Republic for graduates of "Bachelor" degree. **3**. To develop interactive methodical ways of using credit technology in teaching prose genre in the Kyrgyz literature of the XXth century to students of bachelor degree. **4**. To check the efficiency of the developed method of teaching prose genre in the Kyrgyz literature of the XXth century to students of bachelor degree using research and to suggest practical recommendations to introduce this method

**The Scientific Novelty of the Investigation:** For the first time it was developed scientifically grounded and experimentally approved interactive method of teaching prose genre to students of bachelor degree using credit technology at the Institutions of Higher Education of the Kyrgyz Republic; the principles of introduction of credit technology into the methods of teaching Kyrgyz literature were systematized.

**Practical Importance of the Results of Investigation:** The results of the investigation may be used: in designing academic and normative documents (national standards, programs, curriculum, conceptions, textbooks) on the Kyrgyz literature for schools and Institutions of Higher Education of the Kyrgyz Republic; in designing course of lectures and practical classes for students and teachers at the faculties of professional development.

Басууга 12.05.2016-ж. кол коюлду.
Форматы 60х84 1/16. Офсет кагазы
Көлөмү 1.75 б.т., Нускасы 100 экз.

КББАнын «Билим» басма борбору
Бишкек ш., Эркиндик бул. 25